УДК93(575.2)

Каниметов А.К., Майкаданова Н.Т.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## БАРСБЕК - КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИНИН КАГАНЫ

Байыркы мезгилден тартып Борбордук Азияны мекендеп, бирок ар кандай себептерден улам турак алган мекенинин этникалык аталышын өзгөртүү менен көпчүлүгү тарых майданынан биротоло жоголушкан элдердин ичинен кылымдардын кыйырында өзүнүн тарыхый аталышын, баалуулуктарын сактап келаткан кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхында Эне-Сай доору орчундуу орунду ээлеген.

Байыркы кыргыздар жалпы түрк мамлекеттүүлүгү жаңыдан көз жарып жаткан кездерде анын эң алгачкы башатында турушкан. Биздин замандын VI-VII кылымы ченде кыргыз мамлекеттүүлүгү Эне-Сай калаасында мурда болуп көрбөгөндөй күчкө толуп, жылдызы көкөлөп турган. Кыргыздар жөнүндө кытай, араб жана перс тарыхчылары ошондо эле абдан урмат менен жазышып, Эне-Сай кыргыз мамлекети экономикалык жактан тез өнүгүп, Азияны аралаган Улуу Жибек жолунун бир салаасы бул жакка да түшүп, ал «Кыргыз жолу» деп аталган. Бул мамлекеттин экономикалык жыргалчылыгы көп жагынан так жана кынтыксыз иштөөчү мамлекеттик башкаруу аркылуу камсыз кылынган. Анын башында алгач мезгилде «ажо», кийинчирээк «каган» деген атка конгон эл башы турган. Бул доор Барсбек кагандын ысмы менен түздөн-түз байланыштуу. Барсбектин ысмы орто кылымдагы рун жазмаларында белгилүү болуп, Умай эне өзү колдогон, өзү коргогон кыргыз урпагы, болуп саналат.

VII кылымда Көгмөндүбайырлаган кыргыздар Барсбекти хан көтөрүшүп, жан-жөкөрлөрү Барсбектин башына оюу-кыюулары алтындан басылган ак калпак кийгизип, мойнуна жибек ороп, белине алтын кемер курчап, шаан-шөкөттөп ак кийизге отургузуп, катар тизилген калктын кыйкырыгы, куттуктаган ырынын коштоосунда күн багыты боюнча тогуз жолу айланта көтөрүп өтүшкөн. Анан ак боз атка мингизип, хандын элге кайрылган жаңы жардыгын угушкан.

Барсбек бабалары Теңир Атага, Умай Энеге тегиз сыйынган тектүү жердин тукумунан чыккан. Атасынан жаштайынан төрт бир тууганы менен жетим калып, өзүнүн зиректигинен элге аралашып, баатырдык даңазасы өсүп, эрте жетилген, калк оозуна кирген азаматтардан болгон.

VII кылымда энесайлык кыргыздар мамлекет башчысын элтебер, ажо, тегин, каган деп атап, наам ыйгарышкан. Барсбек каган саны кеткен кыргызды сай-сайдан таап чогултуп, куну кеткен кыргызды кыр-кырдан таап чогултуп, элдин башын кошкон, жоодон жалтанбаган, кылычынан от жанган, ажарынан нур чачкан алп баатырлардын бири болгон. Ошол мезгилдерде чыгыш-батышта эч кимден жалтанбаган түрк билермандары Барсбекке Ынанчу Алп Билге деген даража ыйгарышкан.

Барсбек башында турган Кыргыз мамлекети VII кылымдын башында бир кыйла күч алып, Чыгыш Түрк каганатынын Енисейге жасаган чабуулдары кыргыздардын чек арасынан ары өтө албай калган. Кыргыздардын күчүн байкаган Капаган каган жоолашууну токтотуп, тынчтык келишимин түзөт да, Барсбектин кагандык титулун официалдуу түрдө тааныйт. Мындан ары касташпоо максатында карындашын, Элтерис кагандын кызын Барсбекке аялдыкка берет. Бирок Барсбек түрк мамлекетин кулатып, анын ордуна тектеш түрк урууларынан курулган эгемендүү Кыргыз мамлекетин орнотууну көздөгөн. Мына ошол кырдаалдан пайдаланып кытай, түргөш ж.б. мамлекеттери менен биргелешкен согуштук келишим түзүү аракетин баштаган. Бул түрк мамлекетине каршы согуштук келишимдин түзүлүп жатканын Капаган каган менен анын тыңчылары кабарлап, Тонукукка дайын болуп калат.

Түрк каганаты Минусин өрөөнүнүн түштүк тарабындагы кыргыздарга коңшу урууларды талкалап өздөрүнө каратып алып, Тува аймагында плацдармын бекемдеген.

711-жылдын кыш айларында кыргыз элине карата операцияга өтүшүп, кыргыздардын жерин басып алышкан. ОшолКөгмөндүн Суңга айдыңындагы кармашта кыргыздардын каганы Барсбек баатырларча курман болгон.

Барсбектин түпкү максаты түрк мамлекетин кулатып, Борбордук Азияга кыргыздардын улуу мамлекетин орнотуу эле. Бирок бул максат ишке ашкычакты, кыш чилдесине карабай бир-бирден талкалоонун планыништеп чыгышкан түрк каганаты тез арада иш жүзүнө ашырышкан.

Мына ошол согуштук жагынан теңдешсиз жоо менен салгылашта курман болгон Барсбек каганга (Ынанчу Алп билге каган) арнап, кыргыз эли ташка жазылган эстелик орнотушкан. Бул эстеликтин 1889-жылы Миң-Сууда (Минусинск) Н.А.Естафьев тарабынан көчүрүлгөн жазмасын таап, тарыхчы түркolog окмуштуу Сергей Григориевич Кляшторный кайрадан изилдөөгө алган. Ал 1977-жылы Минусинск музейине барып, түп нускасын окуган. Ал жерден С.Г.Кляшторный Алтын-Көлдөгү эки эстеликти окуп, каталарын оңдоо менен бири Барсбек каганга, экинчиси Барсбектин кеңешчиси, чет өлкөлөргө төрт жолу барып келген кыргыз элчиси Эрен Улукка арналып жазылган таш эстеликтер экени аныкталган.

Барсбектин (Ынанчу Алп билге кагандын) эстелигиндеги ташка жазылган жазуунун мазмунутөмөнгүчө:

(1) Он ай бою көтөргөн эле мени энем!
Элиме мени тууп берген эле энем.
Жериме мен эрдигим менен бек болдум.
(2) Сансыз жоо менен салгылаштым, Эми элимди кайгыга салып
бердим. Атаганат!
(3) Агайындарыма төө көтөргүс
(4) Белек берчү элеңер.
(5) Жер бетиндеги ишиме, эрдигиме
Мен Барс көзүм тойбоду
(6) Атасыз баатыр элеңер! Иттер илбээсин
кууп жегенде, силер конушма жолой албай өтчүдөй! Ажал өзүң
жок болгун
тукумун менен! О, Барс, бизди таштапкеттиңби? Атаганат!
(7) Биз умай-бектерибиз-уруубуздун
Эр жүрөктөрүбүз-биздин ата-салтыбыз ушул!
«Атаганат» Алты эрди кошо ала жатпадың
Тулпарыңды жанына сойдура жатпадың!
Үч аягыңды ала жатпадың! О, кымбатым!
О, кенчим! Бизди таштап кетпесеңчи!..
Сен барда кубанчыбыз балант эле.
(8) О. Сунганын алтын чер токоюнун илбээсини, көбөйө бер!
Укум-тукумуңду көбөйтө бер!
(9) Менин Барсым атын да, букасын да албастан өтүп кетти бу
дүйнөдөн! Атаганат!
Менин жоокердик эрдигиме, агаларымдын
жана инилеримдин аброюна арналып мага ушул түбөлүктүү
эстелик коюлду

Бул эстелик жазуунун мазмунуна көз чаптырсак, VII кылымдагы кыргыз тарыхын, үрп-адат, салт-санаасын адабиятын, тилин изилдеп үйрөнүүдө табылгыс маданий байлык, тарыхый булак болуп саналат.

Кыргыз элчиси Эрен улукка арналган эстеликтин мазмунуда Барсбектикинен анча айырмаланбайт. Бирок анын баатырдыгы, өз эли үчүн кызмат кылгандыгы, төрт жолу чет

өлкөлөргө барып иш бүтүргөндүгү айтылат. Чынында эле, Барсбек каган 708-709-жылдары кытай, түргөш, тибет менен келишим түзүү үчүн сүйлөшүүлөргө өз элчиси Эрен Улукту жиберген. Эрен улуктун эстелигиндеги ташка чегилген жазууда: «Мен элимден төрт жолу четке чыгып, төрт жолу кайра кайттым. Ушул эрдигимди Ынанчу Алп аябай сыйлады» деп аныктап турат. Мындан биз кыргыз тарыхында VIII кылымдын башында эле кыргыз элинен чыккан Эрен Улуктай иш билги дипломаттардын болгонуна күбө болобуз.

Байыркы кытайдын тарыхый жазмаларында кыргыз эли жөнүндө мындай тарыхый маалыматтарды беришкен: «Кыргыздардын жери жазда суулуу болуп, кышта калың кар каптап жатат. Барып-келиш өтө кыйынга турат. Бул жердин элдери тоо таянып конуш алган. Алар алп денелүү кызыл жүз, коңур чач, көк көз келишет. Адамдары өтө баатыр келип, кошуна элдер коркунуч ичинде турушат. Кундуз, суусар терисинен кийим кийишип, тамакты колу менен жешет, салт-санаасы, негизинен, түрктөр менен окшош…».

Байыркы кыргыздар адеп жаралгандан баштап тоону байырлашкан, тоону киндиктештей көрүшкөн, тоосуз тоголок жетим болушкан. Алар Саян, Алтай тоо кыркаларында атагы алыска кеткен Жашыл-Өзөн, Шантуу жайыктары, Алтын-Жыш, Кадыркан-Жыш, Кең-Тарман, Темир-Капка, Көгмөн тоолору, жайлоолору бар болгон. Кайсы тоонун өзөн-түзү кооз, кайсы маалда жайлуу, оттуу, жерлери сууга мол, бейпил болорун, чөбү качан жетилээрин кыргыздар эң жакшы билишкен. Бабаларыбыз жерден жер тандап жүрүп, акыркы хандык доорунда Саян тоо кыркасындагы Орхонду жактырган. Көчмөн жайыгын «Жашыл Тоо»деп аташып, ал эми кытайлар көчмөн тоосун «Тяньмань» дешкен.

Эне-Сайдагы кыргыз маданиятынын эң маанилүү жетишкендиги, чындыгында да, өз жазуусун түзгөндүгү болуп саналат. Адистер аны орхон-энисей же рун жазуулары деп коюшат. Азыркы мезгилдеги тарыхый изилдөөлөрдүн натыйжасында жүздөн ашуун кыргыз жазмалары белгилүү. Ал жазмаларда биздин ата-бабалар биринчи жолу өз мамлекети, анын түзүлүшү, өз өкүмдарлары, кол башчылары, элчилери туурасында кабар туюндурушкан.

Тарыхчылардын далилдерине караганда, Кыргызстан байыркы түрк цивилизациясынын бир борбору болгон. Ал элдердин маданияты менен көчмөн түрк маданиятынын эң алдыңкы жетишкендиктерин өз боюна сиңирип турган. VII кылымдан VIII кылымга дейре Кыргызстанда бирин-бири алмаштырган бир катар түрк мамлекеттери: Батыш-түрк, Түргөш, Карлук жана Караханид каганаттары өкүм сүргөн. Алар өз доорундагы эң алдыңкы маданияттуу түрк державалары катары төгөрөктүн төрт тарабына таанылышкан.

Бул мамлекеттердин баш калаасы Суяб шаары болуп, Х кылымдан баштап Баласагын аталган, ал шаар азыркы Токмоктун жанында жайгашкан. Ал жерде ар кайсы өлкөлөрдөн келишкен соодагерлер, мусулман, будда, несториан-христиан ж.б. өкүлдөр бейпил турмушта жашашкан. Бул жерде кагандын ордосунда Византиянын, Персиянын, Индиянын, Кытайдын жана араб өлкөлөрүнүн элчилери өз ара жолугушуп, пикир алып турушкан.

Байкалдан Босфорго, Уралдан Тибетке чейинки кең мейкинди мекендеп, түпкү тегин түрк санаган ар бир маданияттуу адам түркчө аталган биринчи түрк шаарлары VII кылымда сарыөзөн Чүйдө курулганын, алгачкы түрк акчалары VIII кылымда Чүйдө чыгарылганын, эң сонун түрк тилинде жазган акын жана философ Жусуп Баласагын дагы ушул өрөөндө туулуп өскөнүн билүүгө тийишпиз. Энесай жана Теңир-Тоо түрктөрүнүн орошон орто кылым маданиятынын мураскору катары кыргыз эли муну менен сыймыктанууга толук акылуу.

Адабияттар:

1.Кляшторный С.Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии.-М., 1964.

2.Орхон-Енисей тексттери.-Ф., 1982.

3.Караев Ө.Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перси авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө. //Ала-Тоо,1988,№8.

4.Мокрынин В., Плоских В. Бейдайын беле Барсбек. //Кыргызстан маданияты,1990.

5.Жусупов К. Байыркынын издери.-Б.: «Кыргызстан Сорос» фонду,2001.

6.Худяков Ю.С. Энесай кыргыздарынын тарыхы:Кыскача баян.-Б., 2013.

7.Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И. Эне-Сай кыргыздары:фольклор жана тарых.-Б.: «Кыргызстан-Сорос» фонду,2002.